| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**XXIX -чакырылышынын I-кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2024-жылдын 28-ноябры **№4** Барскоон айылы

**Барскоон жергиликтүү кеңешинин туруктуу комиссияларын түзүү жөнүндө**

Жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңешинин ыйгарым укуктарына кирген маселелерди алдын-ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле Кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин айыл аймагындагы айыл өкмөт, мекеме-ишканалар тарабынан аткарылышын көзөмөлдөө максатында Барскоон жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Барскоон жергиликтүү кеңешинин алдында 5 багыт боюнча туруктуу комиссиялар түзүлсүн:
   - Регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо комиссиясы;
   - Каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы;
   - Муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер комиссиясы;
   - Социалдык (билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо) маселелер комиссиясы;
   - Спорт жана жаштар иштери комиссиясы.

2. Туруктуу комиссиялардын курамы төмөнкүдөй бекитилсин:

| | | |
|---|---|---|
| **1.** | **Регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо комиссиясы:** | |
| | 1. Асаналиева А.А. | комиссиянын төрайымы; |
| | 2. Дюшекенова Г.К. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 3. Джамакеева Т.Т. | комиссиянын мүчөсү. |
| **2.** | **Каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы:** | |
| | 1. Букаров А.А. | комиссиянын төрагасы; |
| | 2. Асылбеков К.Т. | комиссиянын мүчөсү; |

| | | |
|---|---|---|
| | 3. Жылдызбек у.Т. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 4. Ибаков М.О. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 5. Торгоев У.Т | комиссиянын мүчөсү. |
| **3.** | **Муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер комиссиясы:** | |
| | 1. Элебесов Л.М. | комиссиянын төрагасы; |
| | 2. Турганбаев Т.С. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 3. Рысмендеев Т.А. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 4. Ниязбек у.К. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 5. Кубанычбеков Э.К. | комиссиянын мүчөсү. |
| **4.** | **Социалдык (билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо) маселелер комиссиясы:** | |
| | 1. Ыдырысова А.К. | комиссиянын төрайымы; |
| | 2. Сейткан А. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 3. Мусаева Г.Ү. | комиссиянын мүчөсү. |
| **5.** | **Спорт жана жаштар иштери комиссиясы:** | |
| | 1. Абдыкаев Н.М. | комиссиянын төрагасы; |
| | 2. Тойматова М.К. | комиссиянын мүчөсү; |
| | 3. Жумаев Б.Т. | комиссиянын мүчөсү. |

3. Туруктуу комиссиялардын төрагалары, мүчөлөрү менен биргеликте 2024-жылдын 20-декабрына чейин:
   - Жергиликтүү кеңештин перспективдүү иш планына ылайык 2025-жылга карата туруктуу комиссиялардын иш планын иштеп чыгышсын жана бекитүүгө сунушташсын;
   - Туруктуу комиссиялардын иш кагаздарын уюштурууну жана жүргүзүүнү көзөмөлгө алсын;
   - Иш пландын, кабыл алынган чечимдердин өз мөөнөтүндө жана сапаттуу аткарылышын көзөмөлгө алышсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары М.Мамбеталиева тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: иш кагаздарга- 1, туруктуу комиссияларга -19, баардыгы - 20